КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.03.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясынын**

# №1 -ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаарынын участкалык шайлоо комиссияларынын курамын жана резервдерин түзүү боюнча тиркемесин бекитип берүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Нарматовдун 12.03.2025-жылкы чыгыш 10/10 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын участкалык шайлоо комиссияларынын курамы жана резерви тиркемеге ылайык аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.Тиркеме №1
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Нарматовго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жалиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.03.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясынын**
**№2 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясында укук бузуулар жөнүндө иштерди караган комиссиялар жөнүндөгү типтүү ЖОБОну бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “ Укук бузуулар жөнүндө иштерди караган комиссиялар жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” 2023-жылдын 24-январындагы №35 токтомунун 1-бөлүмүнүн 3-пунктуна ылайык, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси А.Раевдин 05.03.2025-жылкы чыгыш 01-28/516 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “ Укук бузуулар жөнүндө иштерди караган комиссиялар жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” 2023-жылдын 24-январындагы №35 токтомунун 1-бөлүмүнүн 3-пунктунун негизинде Базар-Коргон шаарынын мэриясында укук бузуулар жөнүндө иштерди караган комиссиялар жөнүндөгү типтүү ЖОБО бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэриясынын юристи А.Болотбековго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыяланcын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жалиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**